Д 13.23.662 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ч.К. Рыспаеванын 13.00.01 – “Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Кумашова Аида Анаркуловнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациясына

**КОРУТУНДУСУ**

Эксперт педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Кумашова Аида Анаркуловна «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет жана 13.00.01 – “Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы” илимий адистиктигинин паспортундагы 5 пункттун талаптарына жооп берет. Иштин мазмунунда башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык негиздерин маңызы, структурасына байланышкан маселелер жана негизги түшүнүктөрү талдоо сыяктуу маселелер каралган.

**2-натыйжа.** Башталгыч класстын окуучуларын логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүү үчүн атайын тапшырмалар иштелип чыккан.

**3-натыйжа.** Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү атайын тапшырмалар окуу процессине киргизилген жана эксперименталдык жактан негизделип, тастыкталган.

*3.2. Изилдөөдө алынган илимий натыйжалардын баары менен макул болсо болот.*

*3.3. Иштин теориялык мааниси жетишээрлик жогору деп баалоого болот. Анткени,* башталгыч класстарда окутуу проблемалары боюнча ата мекендик алдыңкы педагог- психологдор И.Б.Бекбоев, Д.И. Зулпукарова, Е.И.Ибраева, С.Э.Иманкулова, Г.К.Казиева, Г.А.Касымова, Г.О.Касымалиева, ж.б. эмгектеринде каралган. Кыргыз илимпоздорунун изилдөөлөрүнөн улам, башталгыч класстардын математика сабагында окуучулардын окуп таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү маселелерин, башталгыч класстардын окуу процессинде дидактикалык оюндарын колдонуу педагогикалык шарттарын иштелип чыгышы, эң оболу, балдарды окутууда негизги ишмердүүлүктүн маани-маңызын түшүнбөй туруп, логикалык ой жүгүртүүнү калыптандыруу жана өстүрүү болбой тургандыгын түшүндүрөт. Ошондой эле, орусиялык илимпоздорун атап айтсак: П.Я.Гальперин, В.В.Давыдов, Л.В.Занковдун илимий эмгектеринен да камтылган, окуучулардын логикалык ой-жүгүртүү үчүн атайын иштерди уюштуруу зарылдыгы белгиленген.

*3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.* Диссертациялык иштин мазмуну негизинен ынанымдуу жоболорду камтыйт жана басымдуу, баалуу деп эсептейм. Изилдөө иштери Талас шаарындагы А.Чолпонкулов атындагы №1, С.Абдуллаев атындагы №6 орто мектептери, Манас районун А.Усенбаев атындагы, Ш.Кочкорбаев атындагы орто мектептеринде жүргүзүлгөн, ал эми эксперименталдык усулдар катары тестирлөө, анкеталык сурамжылоо алынган.

4. **Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси жогору, себеби:** башталгыч класстарынын окуучуларынын лоикалык ой–жүгүртүүсүнө багытталган атайын тапшырмалар системасы иштелип чыгып, окуу процессине киргизилген; окуу процессинде ар түрдүү предметтерди окутууда жана окуучу менен жеке иштөөдө жана башталгыч класс мугалимдери тапшырмаларды түзүүнүн эрежелерин жана принциптерин колдоно ала тургандыгы менен аныкталат.

5. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши** *жана изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы.* Авторефераттын мазмуну негизинен диссертациянын мазмунуна дал келет, бирок диссертациядагы илимий аппараттын жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен байланышкан мазмундук жана техникалык кемчиликтерди жойгондон кийин кайрадан иштеп чыгууну талап кылат. Изилдөөнүн багыты боюнча 11 илимий макала жарык көргөн. Илимий макалалардын жарыялануу географиясы Москва, Бишкек, Талас, Ош шаарлары.

**6. Кемчиликтер жана мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык жумушта изденүүчү тарабынан бир катар **кемчиликтердин** жана **мүчүлүштүктөрдүн** орун алышына жол берилген. Алардын негизгилери төмөндөгүлөр:

6.1. Изилдөөдө автордун өзүнүн гана топтогон маалыматтарына таянуу менен башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өстүрүүдө PISAнын тапшырмалары жөнүндө айтылган, бирок басым жасалган далилдер жокко эсе.

6.2. Теориялык жактан көп ой-пикирлер айтылган, практика менен айкалыштыруу алсыз болуп калган, окуучулардын логикалык ой-жүгүртүүсүн

диагностикалоо боюнча эксперименттин этабына жараша конкреттүү усул колдонууну сунуштайм.

6.3. Ошондой эле грамматикалык каталардын көптүгү, стилистикалык, техникалык (саптар ортосундагы интервалдар, жылдардын жазылышы) каталар абдан арбын. Орус тилинен которулган Джером Брунердин ыкмасы ачыкталышы керек.

**7. Сунуштар:** жогоруда белгилеген кемчиликтерди олуттуу деп эсептейм жана тийиштүү оңдоолорду жана түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын белгилейм.

8. **Кабыл алуу боюнча сунуш.** Диссертацияны айтылган кемчиликтерди оңдогондон кийин кабыл алууга болот.

9. **Бүтүм.** Кумашова Аида Анаркуловнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – “Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө болот. Бирок, жогорудагы кемчиликтер орун алгандыгына байланыштуу оңдоолорго жана түзөтүүлөргө муктаж.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – “Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы” адистиги

боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Кумашова Аида Анаркулованын «Башталгыч класстын окуучуларынын логикалык ой-жүгүртүүсүн атайын тапшырмалар аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык негиздери» деген темадагы диссертациясы аталган кемчиликтерди жойгондон кийин кабыл алууга жана алдын ала коргоого жарайт деп эсептейм.

**Бишкек шаарынын №68**
**мектеп-гимназиясынын директору,**
**педагогика илимдеринин кандидаты** **Рыспаева Ч.К.**

19-июнь 2024 жыл.

Ч.К.Рыспаеванын койгон кол белгисин тастыктайм:
диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
п.и.к., доцент Абдыкапарова А.О.